Айым күнүм

Жанымдын аманатын
Берейин арнап жаным
Сен үчүн
Дүйнөмдүн жарыгысың
Баа жетпес бакытымсың
Мен үчүн

Асмандын жылдыздарын
Берейин арнап баарын
Сен үчүн
Ак жүрөк адалымсың
Чын сүйгөн адамымсың
Мен үчүн

Кайырма
Айым күнүм жаным дейин
Сүйүп алган жарым дейин
Тилегимди кабыл кылып
Кудай берген багым дейин

Арнайын сезимиди
Төгөйүн мээримиди
Сен үчүн
Башкасы керек эмес
Жылмайып күлүп жүрчү
Мен үчүн

Жар салып бүт ааламга
Ырдайын ушул ырды
Сен үчүн
Өйдөдөн өбөк болуп
Куласам жөлөк болчу
Мен үчүн